# СОЦИАЛДЫК КОНТРАКТ

**С.С.Усубалиев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде билим берүү процессин жакшыртуу үчүн Биргелешкен аракеттердин планын ишке ашыруу боюнча**
**(мындан ары «Социалдык контракт» деп аталат)**

Ак-Башат айылы датасы 25.02.2020-ж.

Ак-Суу айыл өкмөтүнүн (айылдык аймак) башчысы анын атынан иш алып баруучу, мындан ары «ЖӨБ» катары эске алынуучу Осмонкулова Ж.М. айыл өкмөтү (айылдык аймак) бир тараптан жана Осмоналиева Т.А. директору анын атынын иш алып баруучу, мындан ары «Мектеп» катары эске алынуучу С.С.Усубалиев орто мектеби экинчи тараптан жана райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы анын атынан иш алып баруучу, мындан ары «РББ» катары эске алынуучу Тезекбаев Н.К. райондук билим берүү бөлүмү үчүнчү тараптан төмөнкүлөр жөнүндө ушул контрактты түздү:

## I. Контракттын маңызы

1.1. ЖӨБ өз компетенциясынын жана ыйгарым укуктарынын чектеринде кең-кесири Биргелешкен аракеттердин планы формасында Мектеп, РББ менен Социалдык контрактты аткарууга милдеттенет.
1.2. Мектеп өз компетенциясынын жана ыйгарым укуктарынын чектеринде кең-кесири Биргелешкен аракеттердин планы формасында ЖӨБ, РББ менен Социалдык контрактты аткарууга милдеттүү.
1.3. РББ өз компетенциясынын жана ыйгарым укуктарынын чектеринде кең-кесири Биргелешкен аракеттердин планы формасында ЖӨБ, Мектеп менен Социалдык контрактты аткарууга милдеттенет.

## II. Социалдык контрактты аткаруу боюнча Биргелешкен аракеттердин планынын милдети

2.1. Социалдык контрактты аткаруу боюнча Биргелешкен аракеттердин планынын милдети төмөнкүлөрдөн турат:

- Мектептин бюджеттик жана бюджеттен тышкаркы фонддорунун чыгымдарынын ачыктыгын арттыруу.
- Мектеп окуучулары үчүн билим берүүнүн сапатын жана окутуунун шарттарын жакшыртуу.
- Мектепте окуучулар үчүн сапаттуу билим берүүгө жана шарттарды жакшыртууга тоскоолдуктарды жоюу.
- Окуу процессинде бардык таламдаш тараптардын өз ара аракеттенүүсүн жакшыртуу.
- Мектеп инфраструктурасын биргелешип иштеп чыгуу жана билим берүү процессинин бардык катышуучулары үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү.

## III. Социалдык контрактты ишке ашыруу тартиби

3.1. Социалдык контракт мектептин ишин жакшыртуу боюнча кең-кесири Биргелешкен аракеттердин планынын негизинде ишке ашырылууга тийиш.

3.2. Тараптардын кең-кесири Биргелешкен аракеттеринин планы мектеп баштаган сектор аралык талкуунун учурунда кабыл алынат.

3.3. Сектор аралык талкууда карап чыгуу үчүн маселелер жана көйгөйлөр Мектеп, РББ, ЖӨБ тарабынан аныкталат.

3.4. Социалдык контрактты ага тараптар кол койгондон кийин ушул келишимдин бардык тараптары аткарууга милдеттүү.

3.5. Региондук мамлекеттик администрациянын социалдык бөлүмү Социалдык контрактты ишке ашырууну контролдойт.

3.6. Мектептин ишин жакшыртуу боюнча кең-кесири Биргелешкен иштин планы Социалдык контракттын ажыралгыс бөлүгү болуп саналат.

## IV. Тараптардын укуктары жана милдеттери

### 4.1. ЖӨБнын укуктары жана милдеттери

ЖӨБ төмөнкүдөй укуктарга ээ:

- Мектепке баа берүү процесстерине катышууга.
- Мектептин ишин өркүндөтүү маселелери боюнча Социалдык келишимдин бардык тараптарынан объективдүү жана толук маалымат алууга.

ЖӨБ төмөнкүдөй милдеттерге ээ:

- Мектептин ишин жакшыртуу үчүн Биргелешкен аракеттердин планында көрсөтүлгөн өзүнүн бардык милдеттенмелерин аткарууга.
- Өз компетенциясынын чектеринде Социалдык контракттын бардык тараптарына объективдүү жана толук маалыматты берүүгө.

### 4.2. Мектептин укуктары жана милдеттери

Мектеп төмөнкүдөй укуктарга ээ:

- Өз ишин ички баалоону жүргүзүүгө.
- Билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүн берүүчүлөр жана алуучулар менен кызматташтыкта артыкчылыктуу аракеттердин таблицасын иштеп чыгууга.
- Учурдагы кырдаалдан кантип чыгуу керектиги жөнүндө сектор аралык талкууну демилгелөөгө.

Мектеп төмөнкүдөй милдеттерге ээ:

- Мектептин ишин жакшыртуу үчүн Биргелешкен аракеттердин планында көрсөтүлгөн өзүнүн бардык милдеттенмелерин аткарууга.
- Өз компетенциясынын чектеринде Социалдык контракттын бардык тараптарына объективдүү жана толук маалыматты берүүгө.

### 4.3. РББнын укуктары жана милдеттери

РББ төмөнкүдөй укуктарга ээ:

- Мектепти баалоо процесстерине катышууга.
- Мектептин ишин жакшыртуу үчүн Социалдык келишимдин бардык тараптарынан объективдүү жана толук маалымат алууга.

РББ төмөнкүдөй милдеттерге ээ:

- Мектептин ишин жакшыртуу үчүн Биргелешкен аракеттердин планында көрсөтүлгөн өзүнүн бардык милдеттенмелерин аткарууга.
- Өз компетенциясынын чектеринде Социалдык контракттын бардык тараптарына объективдүү жана толук маалыматты берүүгө.

AnyScanner

**V. Кошумча шарттар**

5.1. Ушул контрактта каралбаган бардык башка мамилелерде тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жетекчиликке алууга тийиш.
5.2. Ушул контрактты аткарууда ар кандай талаштар келип чыккан учурда тараптар аларды ыктыярдуу жөнгө салуу үчүн бардык күч-аракетин жумшайт жана эгерде алардын тынч жол менен чечүү мүмкүн болбосо, андан соң талаш Кыргыз Республикасынын тиешелүү сотуна өткөрүп берилет.
5.3. Контракт 4 нускада түзүлгөн, алар ушул контракттын ар бир тарабы үчүн бирден нускада бирдей күчкө ээ.

**VI. Контракттын колдонулушунун мөзгили**

6.1. Ушул келишим 2020-жылдын 27-февралдандан тартып күчүнө кирет жана ушул контракттын тараптарынын милдеттенмелери толук көлөмдө аткарылганга чейин күчүндө болот.

**VII. Юридикалык маалымат жана Тараптардын колдору**

**ЖӨБ:**
722022 Темен-Суу айылы
Карла Маркс көчөсү №4
ОКПО 21569655 ИНН 02207199610064
МФО (БИК) 129006
Беловодский филиал ОАО РСК-банк
К/с 4403071251001728

Осмонкулова Ж.М. ____________
мөөр

**Мектеп:**
Москва району 722022
Ак-Башат айылы, Жусупбек көч № 1
ОКПО 21064563 ИНН 01909200510126
МФО (БИК) 103024
Беловодский филиал

Осмоналиева Т.А. ____________
мөөр

**РББ:**
Москва району 724600
Беловодское айылы, Ленин көч №27
Код ОКПО 02169329 ИНН 001109193010010
МФО (БИК) 129005
Беловодский филиал
Тезекбаев Н.К. ____________
мөөр